КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ
КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ

# САЛБУУРУН
# САЛБУУРУН



***Адамзаттын эң байыркы ишмердүүлүгүнүн бири – аңчылык. Адам жашагандан бери, аңчылык анын негизги тамак-аш табуу булагы болгон. Бирок, коомдун өнүгүшү менен аңчылыктын зарылчылыгы төмөндөдү. Ал көңүл ачуу, эс алуунун бир түрү болуп калган.***

***Кыргыздар дүйнө жүзүнүн эзелки элдеринин бири болгон соң, аңчылык көчмөн цивилизациясынын маданиятынын бир бөлүгү болгондуктан, эл аңчылыктын өзгөчөлүк ыкмаларын азыркы маалга чейин сактап келишкен. Анткени, байыркы заманда мергенчилер октуу куралдарды колдонгон эмес. Адам жана жапайы жаныбардын ортосундагы мелдеш болгон. Мергенге жебе жана жаа, тайган, бүркүт, шумкар, карчыгалар менен чыкчу.***

## Бүркүтчү

Кыргызстан салбуурунда бүркүт менен шумкарды колдонгон дүйнөдөгү бир гана өлкө.

Бүркүт менен негизги жырткыч, териси баалуу жаныбарларга – түлкү, карышкыр, коен, суур жана чоң эмес жаныбарларга, кемирүүчүлөргө салбуурунга чыгат.

Бүркүт – эң чоң куш болуп эсептелет. Анын канатынын арышы 2-2,5 метрге жетет. Бүркүт учууда абдан жеңил, күчтүү, кайраттуу, көзү курч, ал өз чабытын жаза баспай алат.

Карчыгалар өз адаттары менен карышкырларга окшош. Анын кооз денеси, күйүп турган көздөрү кайраттуулугу, тайманбастыгы, шамдагайлыгы жөнүндө кабар берет. Алар эң шамдагай, чабытты көп алган куштар. Сапсан – карчылардан эң  кооз куш, ал кынапталып чабытын алуусу, так учуусу жана максаттуулугу менен өзгөчөлөнөт.

Карчыганы бийик аскалардын арасында жайгашкан уясынан таап алуу, колго көндүрүү жана эркиндикти сүйүүчү кушту адамга кызмат кылдыруу кандай гана эмгекти, чеберчиликти  талап кылбайт!

Карчыганын балапанын уядан алып, багып өстүрөт же болбосо, чоңоюп калган жаш балапанды колго көндүрөт. Карчыганын балапаны колдо чоңоет.

Бүркүттү башында далбаага үйрөтөт, ал узун чылбырдагы тулкүнүн, коендун куйругу же анын терисинин бир бөлүгү. Далбааны жерде тартат, анан бүркүттү чабуулга кое берет. Бүркүт далбааны алгандан кийин, мергенчи атайын кол каптагы этти берип, анын тырмактарын кол капка матырып, далбааны бошотот да, өзүнүн артына катып коет. Анан  бүркүттү тирүү илбээсинге машыктырат, андан кийин гана бүркүттү салбуурунга чыгарат.

Бүркүт менен тайган биргелешип коен, түлкү, карышкыр, чөө, кээде эликке аңчылыкка кое берилет. Карчыга менен коенго, мыкты тайган болсо, кыргоолго, кекиликке сулбуурунга чыгат. Шумкар менен коен, кыргоол, кээде өрдөккө салбуурунга чыгышат.

***Одним из самых древних видов человеческой деятельности является охота. Ещё с первобытных времен дичь, добытая на охоте, являлась основным источником пропитания. Но, с развитием человечества, охота отошла на второстепенный план, став забавой и развлечением.***

***Кыргызы, будучи одним из древнейших народов мира, у которого охота была одним из неотъемлемых элементов культуры кочевой цивилизации сохранили её самобытные способы. Ведь в старину кыргызские охотники не использовали огнестрельное оружие. Это был честный поединок человека и дикого зверя. Добывали дичь с помощью лука и стрел, борзых собак – тайганов, а также беркутов, соколов и ястребов.***

## Беркутчи (охота с ловчими птицами)

Кыргызстан - один из последних островков, где еще используют беркута и сокола в реальной охоте.

С беркутом охотятся в основном на хищных и пушных зверей — лис, волков, зайцев, сурков и других небольших зверей и грызунов.

Беркут — один из самых больших орлов. Крылья его достигают в размахе 2—2,5 метра. Очень ловкий в полёте, смелый, сильный, обладающий удивительной зоркостью, он почти безошибочно берет добычу.

Красивы ястребы, напоминающие своими повадками волков. Крупное, красивое тело, горячие желтые глаза говорят о его смелости, дерзости и ловкости. Это самые добычливые ловкие птицы. Сапсан - самый красивый из соколов, отличается отточенностью атаки, четким полетом и целеустремленностью.

Сколько труда, сколько умения и отваги нужно проявить для того, чтобы добыть птенца из гнезда, расположенного почти в недоступных скалах, приручить, вырастить и заставить свободолюбивую птицу служить человеку!

Птенца берут из гнезда и выкармливают, либо ловят взрослого, желательно молодого и приручают. Беркут-птенец растет на руках.

Беркута вначале тренируют на вабило, обычно это хвост или кусок шкуры лисицы или зайца на длинной корде. Вабило, тянут по земле и пускают беркута на него. После поимки вабила, охотник без резких движений подводит руку в специальной рукавице с мясом и освобождает вабило, перекладывая когти птицы на рукавицу. После, не поднимая беркута, слегка подкармливает мясом и убирает вабило из поля зрения, за себя. Затем проводится натаска на живую дичь. И после этого начинают использовать птицу в охоте.

Объектами совместной охоты тайгана и беркута являются заяц, лисица, волк, шакал, иногда косуля. С ястребом-тетеревятником охотятся на зайца, при хорошем тайгане на фазана, кеклика. С балобанами и кречетами берут зайца, фазана, редко утку.



***Кыргыз элинин топтошуп, узакка созулган салбуурунга чыгуусу абдан кызыктуу. Мергенчи эркектер чогулуп, бир нече күнгө тоо кетишчү. Өзү менен атын, бүркүтүн, тайганын жана жаасын алчу. Аңчылыкта эмне тапса, ошону менен тамактанышчу. Күндүз аңчылык менен алек болсо, кечинде - тапканы менен кечки тамакты отко бышырчу. Мындай аңчылыктарда мыкты мергенчилер, чыдамкай аттар, бүркүттөрдүн жана тайгандардын мыктылары аныкталчы.***

## Салбуурун

Салбуурун – кыргыз элинин алгыр куш, чыгаан тайгандар катышкан аңчылык оюну.

Мелдеш төмөнкү тартипте өтөт:

1. «Бүркүт салуу» - бүркүт менен аңчылык кылуу. Тайпа- 6 киши: 1 жетекчи жана 5 бүркүтчү (мүнүшкөр)

2. «Далба ойнотуу» - куштун далбаага түшүшү. Тайпа- 6 киши: 1 жетекчи жана 5 кушчу (мүнүшкөр).

3. «Тайган жарыш» - тайгандардын жарышы. Тайпа- 6 киши: 1 жетекчи, 5 тайганчы.

***Очень интересна у кыргызов традиция длительной групповой комплексной охоты, называемой салбурун. Мужчины охотники собирались вместе и уходили на несколько дней в горы. С собой не брали ничего кроме коня, беркута, тайгана и лука. Питались только тем, что добывали охотой. Днем охотились, а вечерами у костра готовили ужин из добычи. На таких охотах выявлялись сильнейшие охотники, выносливейшие лошади, лучшие беркуты и отважные тайганы.***

## Салбуурун

Салбуурун – комплексные охотничьи игры кыргызского народа с ловчими птицами и собаками. Соревнования проводятся в следующих дисциплинах:

1. «Бүркүт салуу» - охота с беркутом. Состав команды - 6 человек: 1 руководитель и 5 беркутчи (охотник с беркутом).

2. «Далба ойнотуу» - полет сокола на вабило. Состав команды - 6 человек: 1 руководитель и 5 кушчу (соколятник).

3. «Тайган жарыш» - собачьи бега среди борзых собак. Состав команды - 6 человек: 1 руководитель и 5 владельцев собак.



## «Бүркүт салуу»

Катышуучулар бүркүттөрүн төмөнкү көнүгүүдө сынашат: «Чырга» жана «Үндөк».

«Бүркүт салуу» мелдешинде ушул «Үндөк» жана «Чырга» көнүгүүлөрүндө көп упай алган жеңүүчү болуп саналат.

«Бүркүт салуу» боюнча мелдешке катышкандарга талаптар:

- ар бир катышуучу өз өлкөсүнүн улуттук кийими менен чыгат;
- ар бир катышуучунун алгыр куштарга алган паспорту, куштун эмделгени тууралуу эл аралык ветеринардык сертификаты, ошондой эле Эл аралык ветеринардык СИТЕС уюмунан аныктамасы болушу керек.

«Чырга». Мында ар бир бүркүтчү (мүнүшкөр) өзүнүн бүркүтүн ат менен сүйрөп чапкан түлкүнүн терисинен жасалган чыргага агытат. Талап боюнча бүркүт орточо ылдамдыкта сүйрөлүп бараткан чырганы кууп жетип,кармап калышы керек. Бул жерде бүркүттүн ылдамдыгы да бааланат. Ушул көнүгүүлөр аркылуу бүркүттүн даярдыгы аныкталат. Бүркүтчүгө упай берилет. Эреже боюнча бүркүтчү бир гана жолу чыргага кое бере алат.

«Үндөк». Бул мелдеште бүркүт 200 алыстыкта кармалат. Анан белги берилгенден кийин, аңчы колуна кармаган жемди көрсөтүп, бүркүтүн чакырып алышы керек. Мында бүркүттүн мүнүшкөрдүн колуна учуп келиш убактысы бааланат. Ар бир мүнүшкөргө бир гана жолу үндөк салып чакырганга уруксат берилет. Ал атчан же жөө болушу мүмкүн.

## «Беркут салуу»

Участники испытывают своих беркутов в следующих двух упражнениях: «Чырга» и «Ундек». Победитель в соревнованиях определяется по количеству очков, заработанных в ходе этих двух состязаний.

Требование к участникам соревнований:

- каждый участник должен выступать в национальной одежде своей страны;
- каждый участник должен иметь паспорт на ловчих птиц и международный ветеринарный сертификат о вакцинации ловчих птиц, а также справку от Международной ветеринарной организации СИТЕС.

«Чырга». Здесь каждый беркутчи (охотник с беркутом) запускает своего беркута в направлении муляжа, сделанного из шкуры лисицы, которого наездник на скаку тянет за собой. Согласно требованиям, беркут должен долететь до муляжа, двигающегося на средней скорости, и схватить его. Оценивается время и скорость полета птицы. Посредством этого упражнения определяется уровень тренировки беркута. Беркутчи набирает очко. Согласно правилам, охотник может запускать своего беркута лишь один раз.

«Ундек». В этом состязании беркута усаживают на расстоянии 200 метров. По сигналу судьи охотник начинает окликать своего беркута, держа в руках приманку. Здесь оценивается время прилета беркута к руке беркутчи. Каждому участнику разрешается окликать своего беркута один раз, стоя на земле или верхом на коне.



## «Далба ойнотуу»

Оюндун бул түрүндө куштун далбаага түшүшү бааланат. Ар бир кушчуга өзүнүн кушун далбаага салганга 3 мүнөт убакыт берилет. Ушул убакытта куш асмандан учуп келип, далбаага түшүшү керек. Далбаа – кекиликтин, кыргоолдун, көгүчкөндүн канатынан, куйругунан жасалат. Эрежеге ылайык калыстар куш канча жолу далбаага чабуул койгонуна жараша упай беришет. Көп упай алган катышуучу жеңүүчү болот.

## «Далба ойнотуу»

В данном виде соревнования оценивается скорость полета сокола посредством запуска на вабило. Каждому кушчу (сокольнику) дается 3 минуты на испытание своего сокола. В течение этого времени птица должна взлететь и с воздуха имитировать нападение на вабило, который сокольник крутит на веревке. Вабило изготавливается из перьев куропатки, фазана и голубя, взятых с хвоста и крыльев. Согласно правилам, судьи отмечают сколько раз сокол прилетел и имитировал нападение на вабило. Победитель определяется посредством наибольшего количества очков.



## «Тайган жарыш»

«Тайган жарыш» - ага жалаң алгыр тайгандар катышат. Тайгандардын күлүктүгү 350 метр аралыкты канча убакытта чуркап өткөнүнө жараша бааланат. Тайгандар коендун же түлкүнүн терисинен жасалган чырганы саатына 60-65 км ылдамдык менен сүйрөп чапкан атчандын артынан чуркашы керек же чырганы атайын механизм тартат. Калыстар кайсы тайган алдыга озуп чыкса, ошого упай берет. Белги берилгенден кийин, 5 тайган удаа кое берилет. Тайгандар асыл тукумдуулугуна жараша өз-өзүнчө жарыштырылат. Бул мелдеште эң ылдам чуркаган тайгандын ылдамдыгы эсепке алынат. Бардык байгелүү орундарды асыл тукумдуулугуна жараша эң алдыга озуп чыккан тайган алат. Эгерде бардык жагынан мыкты көрсөткүчтөрдү жаратса, байгени бир өлкөнүн тайганы алышы да мүмкүн.

## «Тайган жарыш»

«Тайган жарыш» - собачьи бега среди породы борзых собак. Резвость собаки определяется скоростью ее бега на расстояние 350 метров. Собаки гонятся за муляжом из лисьей или заячьей шкуры, с которым наездник скачет со скоростью 60-65 км/час, либо муляж тянет специальный механизм. Судьи оценивают время, за которое собаки финишировали первыми. После сигнала судьи каждый раз одновременно выпускают по пять собак. Среди каждой породы борзых собак проводятся отдельные забеги.

В данном виде соревнований засекается время бега самых быстрых пород борзых собак. Все призовые места может иметь только одна порода собак, либо собаки одной страны, если они будут показывать самые лучшие результаты во всех забегах.



**КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ**
**КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ**

# САЛБУУРУН
# САЛБУУРУН

Тызыучу *Бек Тунуков*

*Чолпон Кожокулованын* котормосу

Компьютерге терген *Айнура Таалайбекова*
Жасалгасы, дизайны, терүү *Светлана Грицай*
Корректор *Чолпон Кожокулова*
Сүрөтчүлөр *Маяк Мамытов, Эрмек Исмаилов*

**УДК 796/799**
**ББК 75.727**
**К 97** **КЫРГЫЗ УЛУТТУК ОЮНДАРЫ КЫРГЫЗСКИЕ НАЦИОНАЛЬНЫЕ ИГРЫ:**
**К 97** **САЛБУУРУН/ САЛБУУРУН.** Тызы. Б. Тунуков, котор. Ч. Кожокулова — Бишкек: АРХИ, 2017. – 12 б., ил.

ISBN 978-9967-430-76-1

К 4204000000017
ISBN 978-9967-430-76-1

УДК 796/799
ББК 75.727

© Б. Тунуков
© ИЦ АРХИ, 2017

Составитель *Бек Тунуков*

Перевод *Чолпон Кожокулова*

Компьютерный набор *Айнура Таалайбекова*
Оформление, дизайн, верстка *Светлана Грицай*
Корректор *Чолпон Кожокулова*
Художники *Маяк Мамытов, Эрмек Исмаилов*

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР "АРХИ"

Басууга 20.06.2017-жылы кол коюлган. Басууга 23.06.2017-жылы берилген
Формат 60x84 1/8. Көлөмү 0,75 б.т. Меловандалган кагаз 130 г/кв.м.
Офсеттик басуу. Тиражы 1000 нуска

Подписано в печать 20.06.2017 г. Сдано в печать 23.06.2017 г.
Формат 60x84 1/8. Объем 0,75 у.п.л. Бумага мелованная 130 г/кв.м.
Печать офсетная. Тираж 1000 экз.

## *Кириш сөз*

*Кыргыздар – дүйнө жүзүндөгү эң байыркы жана баштапкы элдердин бири. Кыргыз элининң катаал табигый шарттарда жашоосу, көчүү, малды жайлоодон жайлоого айдоо жана аны камкордук менен багуу, баскынчылардан коргонуу жана башка жашоо шарттар кыргыздардан мыкты ат чабууну, чыңалууну , күчтү, шамдагайлыкты, эрдикти жана кайраттуулукту, дайыма сак болууну талап кылган.*

*Көчмөн маданиятынын көрүнүктүү өкүлдөрү катары кыргыздар кылдаттык менен кылымдан кылымга келе жаткан үрп-адаттарын, салттарын, маданиятын аны менен бирге улуттук оюндарын азыркы маалга чейин сактап келген.*

*Оюндар көңүл ачууда, маданияттуу эс алууда, бош убакытты өткөрүүдө, денени чыңдоодо гана чоң мааниге ээ болбостон, балдардын руханий дүйнөсүн калыптандыруунун, аларга тарбия берүүнүн маанилүү каражаты болуп эсептелет. Оюндар адамзаттын көп кылымдык маданиятын сактап келе жаткан кенч катары да бааланат. Улуттук оюндар элдин материалдык жана руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт. Улуттук оюндар кыргыз элинин ишмердүүлүгүнүн жана максатка умтулуучулугун көрсөтөт.*

*Кыргыз улуттук оюндарды негизинен төмөнкү топторго бөлүүгө болот: балдар кыймыл оюндары (бир нерсе менен же нерсеси жок), жаштар, тайпа, чүкө, ат, мергенчилик, үстөл, аскердик, спорттук оюндар.*

*«Кыргыз улуттук оюндар» китебинин турпатташтыгы бизге белгилүү 500дөн ашуун кыргыз улуттук оюндарынын аз гана бөлүгүн камтыйт.*

## *От издательства*

*Кыргызы – один из древнейших и самобытных народов мира. Сам образ жизни, а это и жизнь в суровых природных условиях, постоянные кочевки, перегон скота, уход за ним, отражение набегов и т. д. требовал от них отличной верховой езды, хорошей физической закалки, силы, ловкости, сноровки, храбрости и мужества, постоянной готовности к действиям.*

*Будучи яркими представителями кочевой цивилизации, кыргызы бережно донесли и по сей день хранят свои вековые традиции, обычаи, культуру, а вместе с ними и игры.*

*Игры у кыргызов были не только для досуга и развлечения, они носили воспитательный и прикладной характер. Уже с малых лет играючи вырабатывались, развивались и закреплялись необходимые физические и нравственные качества. Каждая игра требовала от её участников определённых навыков и качеств, которые либо вырабатывались, либо развивались. Само участие в игре развивало целеустремленность, настойчивость, волю к победе.*

*Кыргызские национальные игры можно условно разделить на следующие основные группы: детские подвижные (предметные и беспредметные), молодёжные, командные, с альчиками, конные, охотничьи, настольные, военно-спортивные и единоборства.*

*Серия «Кыргызские национальные игры» охватывает лишь толику самых популярных кыргызских игр из более 500 известных нам.*

ИЗДАТЕЛЬСКИЙ ЦЕНТР "АРХИ"